**“Ааламдашуу процессинде өз ара кызматташуунун актуалдуу көйгөлөрү: педагогдор – студенттер – ата-энелер” аттуу темадагы тегерек столдун**

**РЕЗОЛЮЦИЯСЫ**

Билим берүү, илим, теория жана практика контекстине жараша калыбына келтирүү, толуктоо, бөлүктөрдү бир бүтүнгө бириктирүү процессинин алкагында Кыргыз Республикасынын Билим берүү программаларын иш берүүчүлөр менен макулдашуу 2025-жыл.

**Тегерек столдун максаты:** “Педагогика жана Колдонмо информатика” багыттары боюнча бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын (ООП) мазмунун ички жана тышкы кызыкдар тараптардын катышуусунда талкуулоого арналат. Ошондой эле мектептин тажрыйбасынан педагогикада теория менен практиканын өз ара аракеттенүүсүнүн көйгөйлөрүн жана ааламдашуу шартында жаш муундарды тарбиялоодо руханий-этиканын, каада-салттын ролунун маанисин талкуулоо.

**Тегерек столдо төмөнкү маселелер талкууланды:** Иш берүүчүлөрдүн сунуштарын эске алуу менен окуу натыйжаларын, кесиптик компетенцияларын көрсөтүү менен 550700 «Педагогика» багыты жана 710300 Колдонмо информатика боюнча бакалавриаттын негизги билим берүү программасынын (ООП) мазмунун иштеп чыгуу концепциясы.

Адистерди даярдоого жана жыйынтыктоочу квалификациялык иштердин темаларын түзүүгө иш берүүчүлөрдүн катышуусу; бул реалдуу түрдө кандай жол менен болушу мүмкүн; университет, кафедра жана потенциалдуу иш берүүчүлөр бул түшүнүккө эмнени киргизет, сыяктуу маселелер талкууланды;

Тегерек столдун ишине кафедранын кызматкерлери, илимдин өкүлдөрү, иш берүүчүлөр, ата-энелер, 2-3-курстун студенттери катышты.

Талкуунун жүрүшүндө төмөнкү сунуштар кабыл алынды:

550700 Педагогика (башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы профили) жана 710300 Колдонмо информатика багыттары боюнча негизги билим берүү программасын түзүү.

**1- Максат:** Педагогика жана кесиптик байланыш боюнча билим менен камсыз кылуу;

**2- Максат:** Педагогикалык чеберчиликти өздөштүрүүнүү, үзгүлтүксүз изилдөө, байкоо жүргүзүү, тажрыйбаны изилдөө, талдоо жана тыянак чыгаруу.

**3- Максат:** Бүтүрүүчүдө маданий-адеп-ахлактык баалуулуктарды, кесиптик-этикалык жоопкерчиликти, креативдүү ой жүгүртүү, өзүн-өзү ишке ашыруу, өзүн-өзү тарбиялоо көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Окуунун натыйжалары**

1. Мугалим баланын көйгөйлөрүн талкуулаганды билиши керек жана окуучунун кызыкчылыгын эске алуу менен чечим кабыл алышы керек.
2. Заманбап маалыматтык технологияларды колдонуу менен маалыматтарды иштеп чыгуу, талдоо жана чечмелөө жөндөмдүүлүгүнүн жогорку деңгээли.
3. Чыгармачыл ой жүгүртүү, өзүн-өзү өркүндөтүү, кесиптик жоопкерчилик көндүмдөрүн калыптандыруу.
4. Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы программасын ишке ашыруу боюнча ишти түзө билүү жөндөмүн калыптандыруу.
5. Командада иштей билүүсү (эл аралык, көп маданияттуу ж.б.у.с).
6. Социалдык адаптация көндүмдөрүн калыптандыруу

**П жана КИ кафедрасынын башчысы, п.и.к.** **Машанова А.С.**